***DOI:10.26104/NNTIK.2023.26.57.055***

*Үсеналиева Г.С.*

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА СТРАТЕГИЯЛАРДЫН РОЛУ

*Усеналиева Г.С.*

# РОЛЬ СТРАТЕГИЙ В ФОРМИРОВАНИИ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ СТУДЕНТОВ

*G. Usenalieva*

# THE ROLE OF STRATEGIES IN FORMING STUDENTS' PROFESSIONAL COMPETENCE

*УДК: 378.147*

*Бул макалада USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында сунушталган «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясынын колдонулушу жана анын студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы ролу тууралуу сөз болот. Аталган «Окуу керемет!» долбоорунун негизинде практикаланып жаткан стратегиялар болочок кесип ээлери болгон студенттерди интеграциялап окутуунун ыкмаларына жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга жол ачып, методикалык жактан жардам берип келет. Кесиптик компетенттүүлүк адис үчүн өтө маанилүү компоненттердин бири болуп саналат. Азыркы учурда кесиптик чеберчилик – бул билим берүүдө окутуу үчүн зарыл болгон көндүмдөр жана жөндөмдөргө ээ болуу. Кесиптик компетенттүүлүккө ээ болгон студент өзүнүн адистиги боюнча алган билимин, тажрыйбасын кесиптик ишмердүүлүктүн шарттарында ишке ашырууга даяр адис дегендик. Мындан тышкары студент өзүнүн кесиптик деңгээлин гана жогорулатуу менен чектелбей, алган билимин практикада пайдаланып, өз алдынча өнүгүүгө да даяр болушу керек.*

***Негизги сөздөр:*** *кесиптик компетенттүүлүк, интеграция, «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясы, текст, кадам.*

*В данной статье рассматривается использование стратегии «Слушаю, Читаю, Понимаю», предложенной в проекте USAID «Окуу керемет!» и ее роль в формировании профессиональной компетентности студентов. Стратегии, реализованные на основе проекта «Окуу керемет!», методически помогают студентам в интегрированных методах обучения и формирования профессиональных компетенций. Профессиональная компетентность является одной из важнейших составляющих для специалиста. Сегодня профессиональная компетентность – это приобретение навыков и умений, необходимых для преподавания в образовании. Студент с профессиональной компетентностью – это специалист, который готов реализовать полученные по специальности знания и опыт в условиях профессиональной деятельности. Кроме того, студент должен не только повышать свой профессиональный уровень, но и быть готовым использовать полученные знания на практике и развиваться самостоятельно.*

***Ключевые слова:*** *профессиональная компетентность, интеграция, стратегия «Слушаю, Читаю, Понимаю», текст, шаг.*

*This article discusses the use of the «Listening, Reading, Understanding» strategy proposed in the USAID project «Okuu keremet!» and its role in the formation of students' professional competence. The strategies implemented on the basis of the «Okuu keremet!» project methodologically help students in integrated methods of teaching and forming professional competencies. Professional competence is one of the most important components for a specialist. Today, professional competence is the acquisition of skills and abilities necessary for teaching in education. A student with professional competence is a professional who is prepared to implement the knowledge and experience gained in his or her specialty in a professional setting. In addition, the student should not only improve his/her professional level, but also be ready to use the acquired knowledge in practice and develop independently.*

***Key words:*** *professional competence, integration, strategy «Listen, Read, Understand», text, step.*

Башталгыч мектепте кыргыз тилин эне тил катары окутууну интеграциялоо көпчүлүк учурда окуу китептеринде берилген тексттер аркылуу ишке ашырылат. Коомдун тынымсыз өнүгүп жаткан мезгилинде интеграциялап окутуу – билим берүү тармагында кеңири колдонулуп жаткан ыкма. Интеграция термин катары (лат. integer – толук, бүтүн, бузулбаган) – бүтүндүктү көздөгөн процесс же иш-аракет; биригүү, кошулуу, биримдикти кайрадан түзүү дегенди билдирет [1].

Интеграциялап окутуу мугалимдерден, сабакты чеберчилик менен өтүүгө даярданууну талап кылат. Ал кызыктуу материалдарды издөө жана тексттин кайсы темага, кайсы стратегияны пайдаланууга туура келери менен байланыштуу.

Кыргыз тилин интеграциялап окутууда окуучулар бир эле мезгилде тарбия да, билим да алышып, алардын ой жүгүртүүлөрү өсөт, дүйнө таанымы кеңеет. Алар белгилүү бир теманы үйрөнүүгө туура келген тексттерди колдонуу менен аны ар тараптан талдашып, алардын ички маңызын өздөштүрүүгө үйрөнүшөт. Предметтерди интеграциялоо менен бирге окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары окуп үйрөнүшөт. Окутуунун бул ыкмасы окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтип, активдүүлүккө, акылэстүүлүккө, алган билимдерин практикалап көрүп, аны эс-тутумунда сактоого, гумандуулукка, толеранттуулукка, педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да, туура тарбияланууга багыт берет.

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында практикаланып жаткан стратегиялар болочок кесип ээлери болгон студенттерди интеграциялап

окутуунун ыкмаларына жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга жол ачып, методикалык жактан жардам берип келет.

Кесиптик компетенттүүлүк адис үчүн өтө маанилүү компоненттердин бири болуп саналат. Азыркы учурда кесиптик чеберчилик – бул билим берүүдө окутуу үчүн зарыл болгон көндүмдөр жана жөндөмдөргө ээ болуу. Кесиптик компетенттүүлүккө ээ болгон студент өзүнүн адистиги боюнча алган билимин, тажрыйбасын кесиптик ишмердүүлүктүн шарттарында ишке ашырууга даяр адис дегендик. Мындан тышкары студент өзүнүн кесиптик деңгээлин гана жогорулатуу менен чектелбей, алган билимин практикада пайдаланып, өз алдынча өнүгүүгө да даяр болушу керек.

Жогорку окуу жайларында болочок кесип ээлерин даярдоодо аталган долбоордогу 1-2-модулдардын стратегияларын кантип пайдаланууну жана аны практика жүзүндө үйрөтүүнүн мааниси зор. Ар бир стратегия кайталангыс өзгөчөлүктөргө ээ. Бул студенттерге кийинки педагогикалык ишмердүүлүгүндө улам жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берүүгө жардам берет. Ошондуктан студенттер менен биргеликте практикаланып жаткан стратегиянын кандай ишке ашырылып жаткандыгы жөнүндө токтоло кетүүнү туура көрдүк. «Кыргыз тили» окуу китебиндеги «Энчилүү зат атоочтор» деген теманы 3-класстын окуучуларына түшүндүрүү үчүн «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясы тандалып алынды [1,2]. Сабакка төмөнкүдөй максаттар коюлду.

Билим берүүчүлүк максаты: Окуучу энчилүү зат атоочторду билет. Алардын жазылышын өздөштүрөт. Текст менен иштөөдө «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясын колдонуп, маалыматты кабыл алуу көндүмү (оозеки жана жазуу) калыптанат. Кабыл алынган маалыматты сүйлөшүү процессинде пайдаланат.

Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты: окуучу алган билимдерин турмушта колдонот (куррикулум), окугандарын жана көргөндөрүн талдап жыйынтык чыгарат. Негизги маалыматты экинчи даражадагыдан бөлүп карайт. Маалыматты жеке кабыл алуу жөндөмү өнүгөт.

Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты: топто биргелешип иштөө аркылуу жоопкерчиликке, бирибирин урматтоого үйрөнөт. Ар бир ойдун баалуу экендигин билет. Өзүнүн көз карашын билдирет.

**Күтүлүүчү натыйжалар.**

Окуучулар:

- маалыматты (оозеки жана жазуу) кабыл алышат;
- тексттин темасын аныкташат;
- текстти бөлүктөргө бөлүшөт;
- андагы башкы ойду бөлүп карашат;
- тексттеги логикалык байланыштарды белгилешет.

Сабакта окуучулар ээ болуучу предметтик компетенттүүлүктөр:

**Кептик компетенттүүлүк:**

- текстти түшүнүп окуйт;
- маалыматтарды оозеки жана жазуу кебинде туура кабыл алат;
- өзүнүн жеке оюн жеткиликтүү, түшүнүктүү айтып берет;
- берилген суроолорго туура жооп берет.

**Тилдик компетенттүүлүк:**

- жеке жана жалпы аттарды бири-биринен ажыратат;
- энчилүү аттарды тексттен табат, алардын жазылышын өздөштүрөт.

**Маданий компетенттүүлүк:**

- карым-катнаш түзүүдө кеп маданиятынын нормаларын пайдаланат;
- тексттеги сөздөрдү орундуу колдонот;
- эскирген сөздөрдүн маанисин сөздүктүн жардамы менен түшүнөт.

Мугалим сабакты өтүүдө алдына койгон максатын ишке ашыруу үчүн, тынбай изденүүсү керек. Ошондуктан сабакта ар түрдүү кошумча материалдарды, мисалдарды колдонуусу зарыл. «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясы угуу жана окуу – кабылдоого, маалыматты кабыл алууга жана андан ары аны иштеп чыгууга багытталган кептик иштин түрүнө негизделген. Ушул кептик иштин натыйжасы болуп, маалыматты кабыл алып жаткан окуучулар жасаган ой корутунду саналат [4].

Аталган стратегияда төмөнкү маалыматтарга көңүл бурулат. Стратегия үч кадамдан турат: маалыматты кабылдоого даярдоо, маалыматты кабыл алуу жана маалымат менен иштөө. Ар бир кадамга тиешелүү тапшырмалар берилет. Эгер башталгыч класстардын окуучулары менен аталган стратегиянын айрымдары гана иштетилсе, студенттер ал кадамдардын бардыгын практикалашат. Анткени берилген кадамдардагы тапшырмаларды толук аткаруу менен анын маңызын түшүнүшөт, кандай аткаруунун жолдорун үйрөнүшөт. Маалыматты окуучулардын түшүнүшү жана аны андан ары пайдаланышы үчүн комплекстүү иштөө зарыл, ал белгилүү болгон текст менен иштөөдө – чейин, учурунда жана кийин пайдаланылган стратегия боюнча курулат [1]. Стратегияны колдонуу учуруна токтололу.

**1-кадам.** Окуучуларды маалыматты кабылдоого даярдоо негизги сөздөр менен таанышуу, окула турган тексттин эмне тууралуу боло тургандыгын божомолдоп айтууга көнүктүрөт [1].

Текстти окууда берилүүчү Буга чейин эмне болгон? Андан ары эмне болот? деген суроолор окуучулардын кызыгуусун арттырат. Текстти мугалим окуучуларга «Тыным менен окуу» ыкмасын колдо-

нуп окутат.

Окуучулар текстти окуп жатканда, андагы таа-ныш эмес сөздөрдүн берген маанисин түшүнбөй ка-лышат. Ошондуктан жаңы сөздөрдүн мааниси «Ду-балдагы сөздөрдө» чечмеленип берилет. Алар:

Адалга – ичип-жешке уруксат кылынган тамак-аш;

Аккула – Ак сур ат;

Алгоолошуп – кош айдоо убагында бири-бири-не жардамдашуу;

Алп уйку – узакка созулган уйку;

Баба дыйкан – мифологиялык кейипкер;

Берeним – баатырым;

Буурсун – жер айдоо үчүн колдонулган эң жө-нөкөй эмгек куралы;

Жеме уккуча – тил уккуча;

Жолуң шыдыр болуп, Кызыр колдосун – жолуң жакшы болсун, жолдо эч кырсыкка учурабай бар деп тилек кылуу;

Кабыланым – арыстаным, баатырдыкка колдо-нулуучу сөз;

Кайыптан туулган – керемет жаралган;

Кочуштап – кош уучтап, эки колдоп;

Кош өгүз – эки өгүз;

Көздөн кайып болуу – тез эле көрүнбөй калуу;

Кыяматтык дос – өмүр бою дос болуу;

Лоб дайра – кыргыздын нойгут уруусу жерде-ген жер;

Малга кароолугу – сарандык кылган адат;

Мөөрөй – байге [3].

Окуу процессинде студенттин информациялык технологияларды өз алдынча колдонууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү алардын информациялык-ком-муникациялык компетенттүүлүгүн калыптандырат. Бул компетенттүүлүк сабакта темага байланыштуу презентацияларды даярдоодо пайдаланылып, анын эффективдүүлүгүн арттырат. Башталгыч мектепте окуучулардын тексттерге караганда сүрөттөрдү ка-был алуу деңгээли жогору болору баарыбызга белги-лүү, ошондуктан тексттин мазмунуна жараша сүрөт-төрдүн берилиши окуучулардын кызыгуусун артты-рат.

**2-кадам**. Маалыматты кабылдоо текстти кабыл-доого жана түшүнүүгө багытталган.

Бул баскычта тапшырмалардын беш түрү су-нушталат. Мектепте анын баарын аткарууга убакыт жетпей калышы мүмкүн. Ошондуктан мугалим туура келгенин тандап алат. Ал эми студенттерге ал тап-шырмалардын кандай аткарыла тургандыгы жана ка-дамдары тууралуу кененирээк маалымат берилет. Жогоруда аталган текст менен таанышууда «Инсерт» стратегиясын колдонушат. Андагы кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанисинин чечмеленишин «Ду-балдагы сөздөрдөн» билишет. Окурманга түшүнүк-түү болуш үчүн текстти сунуш кылалы.

**Манастын Аккуланы сатып алышы.** Таласка келгени, бай Жакып кан Жакып атка конгон. Анын малга **кароолугу** ого бетер ашынган эле. Ордо атып, мөөрөйүнө тай сайып, таң-тамашага баткан Манаска келип чаң салды:

– Жылгага жылкым толордо бээмди сойдуң, мүлкүмдү чачып, күлкүмдү күбүдүң, Манас!

Бул сөздү уккан Манас атасына катуу таары-нып, башка жакка кетмекчи болду: «Атамдан кан ба-шым менен күндө үч убак жеме уккуча, дайынсыз жоголгон сегиз уялашын издейин. Өзүмө караан бо-лор эр табайын» - деп, эл уйкуда жатканда Таластан атtанып чыкты.

Анжыянды артып, Боз-Талаага келгенде, ак са-калчан карыя жолукту. Манас кубанып кетти. **Ал-гоолошуп** жер айдап, **кошучтап** үрөн себишти. Чал **кош өгүз** жетелесе, Манас **буурусун** кармайт. Ай-доону тез бүтүп, Манас **алп уйкуну** салды.

Бир маалда чочуп ойгонсо, буудай кызарып бы-шып калыптыр. Буга аң-таң болуп турганда, абышка мындай деди:

– **Кабыланым**, биз эми **кыяматтык дос** бол-дук. Бул буудайды сен ал. Астыңдагы тулпарыңды **адалга** сатып алганың оң. Лоб дайранын боюнда Карача кандын сан жылкысынын ичинен Куу байтал **кайыптан** кулун тууган. О, Манасым, минер атыңды Аккула койдум. Сага беттешкен душман оңбосун, **жолуң шыдыр болуп, Кызыр колдосун**, жалгыз башың өзүңө тете кырк болсун, берeним! - деп бата берип, Баба дыйкан **көздөн кайып болот**.

1. Стратегиянын кийинки кадамы болгон **көп-түк тандоонун тапшырмаларын** аткарууда топтор-го бөлүнүп иштешет.

*1-топ* 1. Сунушталган варианттардан туура жоопту тандагыла.

а) Анжыянга келгени, бай Жакып кан Жакып атка конгон.

б) Таласка келгени, бай Жакып кан Жакып атка конгон.

в) Боз-Талаага келгени, кан Жакып бай Жакып атка конгон.

2. Берилген сүйлөмдүн тексттин мазмунуна жооп берерин / жооп бербегенин аныктагыла. Эл уй-куда жатканда Таластан атtанып чыкты.

3. Тексттин мазмунуна карата маалыматтын чындыгын / төгүндүгүн белгилегиле. Анын малга ка-роолугу ого бетер ашынган эле.

*2-топ* 1. Варианттардан толук берилген туура жоопту тандагыла.

а) Ордо атып, мөөрөйүнө тай сайып, таң-тама-шага баткан Манаска келип чаң салды.

б) Мөөрөйүнө тай сайып, таң-тамашага баткан Манаска Жакып чаң салды.

в) Ордо атып жаткан Манаска келип, Жакып чаң салды.

2. Сүйлөмдүн тексттин мазмунуна жооп берерин аныктагыла. Алгоолошуп жер айдап, кошучтап үрөн себишти.

3. Тексттин мазмунуна карата маалыматтын чындыгын / төгүндүгүн белгилегиле.

О, Манасым, минер атыңды Айманбоз койдум.

*3-топ* 1. Варианттардан туура жоопту тандагыла.

а) Боз-Талааны артып, Анжыянга келгенде, ак сакалчан карыя жолукту.

б) Анжыянды артып, Боз-Талаага келгенде, ак сакалчан карыя жолукту.

в) Боз-Талаага келгенде, ак сакалчан карыя жолукту.

2. Сүйлөмдүн тексттин мазмунуна жооп берерин же бербестигин аныктагыла. Астыңдагы тулпарыңды адалга сатып аласың. Астыңдагы тулпарыңды алмашып аласың.

**2-түрү. Кошумча маалымат тапшырмалары** деп аталат. Топто иштөө улантылат.

*1-топ* 1. Тексттеги боштуктарды сүйлөмдөр / бир нече сөздөр / бир сөз менен толуктагыла.

Жылгага жылкым толордо ____________сойдуң.

Сүйлөмдөрдү толуктагыла (аягына чыгаргыла).

Кан башым менен күндө үч убак жеме уккуча,________________________________________.

*2-топ* 1. Тексттеги боштуктарды сүйлөмдөр / бир нече сөздөр / бир сөз менен толуктагыла. Чал___________жетелесе, Манас ___________кармайт.

Сүйлөмдөрдү толуктап, аягына чыгарып жазгыла.

Анжыянды артып, Боз-Талаага келгенде, ______________________________________________ __________________________.

*3-топ* 1. Тексттеги боштуктарды сүйлөмдөр / бир нече сөздөр / бир сөз менен толуктагыла. – ____________, биз эми ___________________болдук.

2. Сүйлөмдөрдү толуктагыла (аягына чыгаргыла).

Бата берип, Баба дыйкан __________________.


**3-түрү. Маалыматты ташуу** тапшырмалары жупта жана топто иштетилет. Окулган текстти пайдаланып, таблицаларды толтурушат.

| Сөз айкаштары | Сүйлөмдөр |
|---|---|
| Манастын таарынычы | |
| Буудайдын ээси | |
| Баба дыйкан батасы | |

**2-топ.** Тексттин негизинде таблицадагы сөздөрдү тиешелүү сүйлөмдөр менен толуктап жазгыла. Текстте энчилүү аттар кандай жазылган? Эмне үчүн?

| Энчилүү аттар | |
|---|---|
| Талас | |
| Манас | |
| Анжыян | |
| Боз-Талаа | |
| Баба дыйкан | |

**3-топ** Тексттин негизинде Баба дыйканга, Манаска схемаларды түзгүлө.



**4-түрү. Деформацияланган текстти калыбына келтирүү тапшырмаларына** төмөнкүлөр камтылды:

1. Тексттин «алмашып кеткен» фрагменттерин туура ырааттуулукта жайгаштыргыла.

2. Манас жетелесе, кош өгүз кармайт Чал, буурусун.

Тексттин «алмашып кеткен» фрагменттерин туура ырааттуулукта жайгаштыргыла.

3. Манас бүтүп, тез Айдоону, салды алп уйкуну.

4. ойгонсо Бир маалда чочуп, кызарып бышып буудай калыптыр.

**5-түрү. Маалыматты издөө жана максаттуу алуу тапшырмалары**

- Факты жүзүндөгү – ким (эмне)? кайда? качан? эмне кылды? деген суроолорго жоопторду тапкыла.
- Текстте так көрсөтүлгөн маалыматты аныктагыла.
- Текстте так көрсөтүлбөгөн маалыматты аныктагыла.
- Текстте эмне түшүнүксүз болуп калганына көңүл бургула. Ал жөнүндө суроо түзгүлө.
- Текстти окуганда төмөнкү сөздөрдүн кандай аныктамалары бар экендигин билдиңер? Аларды жазып чыккыла.

Жер айдоо үчүн колдонулган эң жөнөкөй эмгек куралы –

Эки колдоп –

Текст менен иштөөдө сүрөттөрдү тарттыруу, даяр сүрөттөрдү ирети менен жайгаштырууну сунуштоо, эмне түшүнүксүз болуп калганына суроолорду түздүрүү ж.б. сыяктуу тапшырмалар тексттин окуучулар тарабынан толук кабыл алынышына жардам берет. Демек, бир эле текстке бир нече жолу ар кандай суроолор жана тапшырмалар менен кайрылып туруу – «Угам, окуйм, түшүнөм» стратегиясын-

дагы эң маанилүү маселе.

Студенттер окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу үчүн төмөнкүдөй суроолордун камтылышы аларды ойлонууга, өзүнүн вариантын сунуш кылууга түрткү болорун унутпашы керек. Мисалы,

1. Эмне болмок, эгерде …?
2. Окуя андан ары кандай өөрчүйт деп ойлойсуздар?
3. Эмне үчүн кош айдоого жылкыны эмес, өгүздү пайдаланышкан? Себеби эмнеде?

**3-маалымат менен иштөө** кадамындагы эки аспект – текст менен мазмундук жана маанилик деңгээлде иштөө студенттердин кызыгуусун жаратты. Мисалы, «Манас» эпосу боюнча жарнама ойлоп таап, плакат түзүү, тексттин аягын ойлоп жазуу, эпизоддорду иллюстрациялоо, тексттин альтернативдүү аякташын жазуу ж.б.

Студенттер өз алдынча суроолорду түздүрүү, берилген тапшырмаларга туура жооп таптыруу аркылуу окуучулардын байланыштуу кебин өсөрүн белгилешти.

Берилген тапшырмалардын артыкчылыктары деп, төмөнкүлөр эсептелинет:

- текст менен иштөөнүн түрдүү баскычтарга бөлүнүшү;
- ар бир кадамда конкреттүү тапшырмалардын түрлөрүнүн берилиши;
- иштин варианттарынын сунушталышы;
- окуучулардын таблицалар менен иштөө көндүмүн өнүктүрүү;
- схемалар менен иштөөгө машыктыруу;
- чыгармачылык деңгээлдеги тапшырмалардын берилиши;
- окуучулардын угуу жана окуу көндүмдөрүн баалоонун деңгээлдеринин жана дескрипторлорунун (текстти түшүнүү, текстти анын маанилүүлүгү жана маалыматтуулугу боюнча баалай билүү, тилдик материалды билүү) берилиши ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, белгилүү бир теманы ачып берүүдө тил менен адабияттын ж.б. предмет аралык байланышы улам тереңдетилип, дайыма бири-бирин толуктап турат. Экөө тыгыз байланышта, ошондуктан алардын интеграцияланышы көп ачылыштарды жасоого жардам берет. Ал ачылыштар USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорлору аркылуу ишке ашырылып жатат. Студенттерибиз алган билим менен топтогон тажрыйбаны өз ишмердигинде колдоно билүү жөндөмүнө ээ болушууда. Болочок кесип ээлерин стратегияларды колдонуунун ык-жолдоруна көнүктүрүү алардын билим сапатын, окуу натыйжаларын жогорулатуунун, сабакты мыкты өздөштүрүүсүнүн негизи болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. USAID «Окуу керемет». 2-модуль. – Б., 2021.
2. Акунова А. Р., Чокошова Б, С.. Кыргыз тили. 3-класс. – Б., 2013.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I том. – Б., 2016.
4. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. / Философия (энциклопедиялык окуу куралы). – Б., 2004.
5. Курамаева Т.А., Раимкулова А.С., Иргебаева М.Н. Развитие профессиональной компетентности студентов высших учебных заведений в условиях информатизации. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 5. С. 139-142.